# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2021-жылдын 30-сентябры № 192*

## Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө

*(КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы № 299, 2021-жылдын 23-декабрындагы № 328, 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 198, 2022-жылдын 29-июлундагы № 413, 2022-жылдын 22-сентябрындагы № 517, 2022-жылдын 25-ноябрындагы N 657 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

Энергетика тармагын туруктуу өнүктүрүүнү, стабилдүү жана ишенимдүү иштөөсүн камсыз кылуу жана Кыргыз Республикасынын энергетикалык коопсуздугун камсыздоо максатында, "Электр энергетикасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесине жана "Энергетика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясаты тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлиги акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтерди белгиленген тартипте бекитсин.

2-1. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги ар айлык негизде:

1) отчеттук айдан кийинки айдын 15ине чейин электр менен жабдуучу уюмдарга 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн тизмелерин Кыргыз Республикасынын облустары жана региондору боюнча жашаган/жүргөн жеринин иш жүзүндөгү дарегин көрсөтүү менен берсин;

2) 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр - электр энергиясын керектөөчүлөрдү идентификациялоодо электр менен жабдуучу уюмдарга көмөк көрсөтсүн;

3) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 198 токтомунун редакциясына ылайык)*

2-2. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ар айлык негизде Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигине жана энергия менен жабдуучу уюмдарга электр энергиясын керектөөчүлөрдү - 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү идентификациялоого көмөк көрсөтсүн.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 198 токтомунун редакциясына ылайык)*

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 27-мартындагы № 188 "Кыргыз Республикасынын 2020-2022-жылдарга карата электр жана жылуулук энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын өнөр жай, отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер**
**Кабинетинин Төрагасы** **У.Марипов**

Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына**
**ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ТАРИФТИК САЯСАТЫ**

*(КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы № 299, 2021-жылдын 23-декабрындагы № 328, 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 198, 2022-жылдын 22-сентябрындагы № 517, 2022-жылдын 25-ноябрындагы N 657 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## 1-глава. Киришүү

Ушул Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясаты (мындан ары - ОМТС) электр энергиясын пайдаланууну керектөөчүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн сактоо максатында иштелип чыккан.

Электр энергиясына ОМТС менен белгиленген тарифтерди колдонуу аны натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу, энергияны үнөмдөө боюнча чараларды киргизүү, ошондой эле жылытуу максатында энергиянын альтернативдүү булактарын пайдалануу боюнча керектөөчүлөргө түрткү берет. Бул багытта, ОМТСтин алкагында калктын көпчүлүк бөлүгү үчүн социалдык-багыттоо тарифтери боюнча электр энергиясын жеңилдик менен керектөөнүн ар айлык көлөмү сакталууда.

## 2-глава. Жалпы принциптер

Бул ОМТС төмөнкү принциптерге негизделген:

- наркынан төмөн белгиленген электр энергиясына карата социалдык- багыттоо тарифтери сакталып калышы керек;

- калк үчүн электр энергиясына карата тарифтер социалдык- багыттоочу электр энергиясын жеңилдетилген керектөөнүн кепилденген көлөмүнүн чегинде гана колдонулушу керек;

- керектөөчүлөрдүн бардык тобу үчүн электр энергиясына карата тарифтер жыл сайын өткөн жылдагы иш жүзүндөгү инфляциянын деңгээлине түзөтүлүшү керек;

- тарифтер электр энергиясын сарамжалдуу пайдаланууга, энергияны үнөмдөөнү өнүктүрүүгө жана керектөөчүлөрдү энергия менен жабдуунун сапатын жакшыртууга түрткү берүүгө тийиш.

## 3-глава. Тарифтер

**Калк**

Электр энергиясына болгон төлөмдөрдү төлөөдө калк үчүн күтүүсүз экономикалык кыйынчылыктарды болтурбоо үчүн, ОМТС электр энергиясына болгон тарифтерди өткөн жылдагы иш жүзүндөгү инфляциянын деңгээлине жыл сайын түзөтүүнү карайт. Ошол эле учурда калк үчүн тарифтердин социалдык багытталышы электр энергиясын сарптоонун ай сайын 700 кВт саат көлөмүндө чектелген босогосун сактоо менен электр энергиясын үнөмдөөгө багытталган (бийик тоолуу аймактарда жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда жашаган тиричиликтик керектөөчүлөрдү кошпогондо). Катаал климаттык шарттарды жана узак күзгү-кышкы мезгилди эске алганда, бийик тоолуу райондордо жана жетүүгө кыйын болгон алыскы зоналарда жашаган тиричиликтик керектөөчүлөр үчүн 700 кВт саат өлчөмүндө электр энергиясын жеңилдетилген керектөөнүн ар айдагы көлөмүнүн чеги белгиленбейт.

16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө даректүү социалдык колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция

министрлиги тарабынан берилген тизмеге ылайык айына 700 кВт саатка чейинки өлчөмдө керектөөдө электр энергиясына өзүнчө тарифтер белгиленет.

Керектөөнүн ар айдагы чегинен ашкан тиричиликтик керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына болгон тарифтер 1 кВт саат үчүн 216 тыйын өлчөмүндө белгиленет, алар өткөн жылдагы иш жүзүндөгү инфляциянын деңгээлине түзөтүлүшү керек.

Электр энергиясын керектөөнү жана кубаттуулукту чектөөсүз пайдаланууну каалаган тиричиликтик керектөөчүлөр үчүн электр менен жабдуучу уюм менен түзүлгөн келишимге ылайык 2,0 жогорулатуу коэффициентине түзөтүү менен 1 кВт саат үчүн 252 тыйын өлчөмүндө электр энергиясына өзүнчө тариф белгиленет.

**Насостук станциялар**

Калкты ичүүчү суу, ошондой эле айыл чарба жерлерин сугаруу үчүн суу менен камсыз кылуучу насостук станциялар жана скважиналар үчүн электр энергиясынын тарифи 1 кВт саат үчүн 109,5 тыйын өлчөмүндө тиричиликтик керектөөчүлөргө (калкка) карата тарифтин деңгээлинде белгиленет (салыктарды эске албаганда). Бул тариф тиричиликтик керектөөчүлөр үчүн тарифтин өсүш темпине жараша жыл сайын жогорулайт.

**Электр транспорту**

Керектөөчүлөрдүн бул категориясы үчүн электр энергиясынын тарифтерине өткөн жылдагы иш жүзүндөгү инфляциянын деңгээли үчүн жыл сайын түзөтүү каралат, натыйжада тийиштүү тариф 2021-жылы 1 кВт саат үчүн 168 тыйынды түзөт (салыктарды эске албаганда). Бул ОМТС электромобилдерди кубаттоо боюнча коомдук станциялар үчүн да көрсөтүлгөн тарифти колдонууну карайт.

**Интернат тибиндеги балдар мекемелери, майыптар жана/же улгайган жарандар үчүн социалдык стационардык жана жарым стационардык мекемелер**

Турмуштук оор кырдаалда турган балдарга социалдык кызматтарды көрсөтүүчү, эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан бул аккредитацияланган мекеменин белгиленген талаптарга ылайык келерин күбөлөндүргөн күбөлүгү бар менчигинин түрүнө карабастан интернат тибиндеги балдар мекемелери үчүн, ошондой эле майыптарга, улгайган жарандарга жана/же белгилүү бир жашаган жери жок жарандарга социалдык кызматтарды көрсөтүүчү менчигинин түрүнө карабастан социалдык стационардык жана жарым стационардык мекемелер үчүн, мекеменин ишинин социалдык багытталгандыгы жөнүндө эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын ырастамасы бар болгондо, ОМТС электр энергиясына болгон тарифтерди мурдагы жылдагы иш жүзүндөгү инфляциянын деңгээлине жыл сайын түзөтүүнү караштырат. 2021-жылы тиешелүү тариф 1 кВт саат үчүн 168 тыйынды түзөт (салыктарды эске албастан).

Эскертүү: майыптар, улгайган жарандар жана/же белгилүү бир жашаган жери жок жарандар үчүн мамлекеттик эмес социалдык стационардык жана жарым стационардык мекемелер үчүн эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын ырастамасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан стационардык жана жарым стационардык социалдык тейлөө мекемелерин аккредитациялоонун тартиби бекитилгенден кийин токтотулат.

**Диний уюмдар**

Бул ОМТСте өткөн жылдын мезгили үчүн иш жүзүндөгү жылдык инфляциянын деңгээлинде жыл сайын түзөтүү киргизүү менен 1 кВт саат үчүн 168 тыйындын (салыктарды эсепке албастан) деңгээлинде тарифти белгилөө менен диний уюмдарды керектөөчүлөрдүн өзүнчө тобуна бөлүү каралган.

**Өнөр жай, айыл чарба, бюджеттик жана башка тиричиликтик эмес керектөөчүлөр**

Өнөр жай, айыл чарба жана башка тиричиликтик эмес керектөөчүлөр үчүн керектелген электр энергиясына төлөм 1 кВт саат үчүн 252 тыйын өлчөмүндөгү тариф боюнча (салыктарды эсепке албастан) жүргүзүлөт.

Бюджеттик (республикалык/жергиликтүү бюджеттен каржылануучу бардык мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер) керектөөчүлөр үчүн керектелген электр энергиясына төлөм 1 кВт саат үчүн 340 тыйын өлчөмүндөгү тариф боюнча (салыктарды эсепке албастан) жүргүзүлөт.

"Электр станциялар" ачык акционердик коому жана "Кыргызстан УЭТ" ачык акционердик коому менен электр жабдууга контракттары бар керектөөчүлөр үчүн тарифтер электр энергиясынын чыңалуу классын эске алуу менен отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечимдери менен белгиленет.

**Майнинг (криптовалюта) субъекттери, алтын кен өнөр жай ишканалары (алтын өндүрүүчү фабрикалар), алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар**

Бул керектөөчүлөрдү электр менен жабдуу үчүн өтө көп энергетикалык кубаттуулук талап кылынат.

Ушуга байланыштуу бул сыяктуу ишканалардын энергияны көп көлөмдө талап кылуусу жана электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыздоонун зарылдыгы эске алынып, электр энергиясына тариф үчүн 2,0 жогорулатылган коэффициентине түзөтүү киргизилүү менен жогоруда аталган керектөөчүлөр өзүнчө топко бөлүндү. Ошентип, бул категориядагы керектөөчүлөр үчүн тариф керектөөчүгө чейин аны жеткирүүнү эске алуу менен ЖЭБде электр энергиясын иштеп чыгууга чыгымдарды компенсациялоонун деңгээлинде белгиленет.

**Куючу, эритүүчү цехтер**

Куючу жана эритүүчү цехтер социалдык багытталган продукцияны өндүргөн, электр энергиясын ири керектөөчүлөр болуп саналат.

Ушуга байланыштуу электр энергиясынын тартыштыгынын шартында аны үзгүлтүксүз камсыздоо зарылдыгын эске алуу менен аталган керектөөчүлөр өзүнчө топко бөлүнүшөт, алар үчүн электр энергиясынын тарифи 2,0 жогорулатылган коэффициентине түзөтүлөт, башкача айтканда бул категориядагы керектөөчүлөр үчүн тариф ЖЭБде электр энергиясын өндүрүүгө кеткен чыгымдардын ордун толтуруу деңгээлинде жана аны керектөөчүгө жеткирүүнү эске алуу менен белгиленет.

**Цемент заводдору**

Цемент продукциясын өндүрүү боюнча өнөр жай ишканалары социалдык багытталган продукцияны өндүргөн, электр энергиясынын ири керектөөчүлөрү болуп саналат.

Ушуга байланыштуу электр энергиясынын тартыштыгынын шартында аны үзгүлтүксүз берүү зарылдыгын эске алуу менен аталган керектөөчүлөр өзүнчө топко бөлүнүшөт, алар үчүн электр энергиясынын тарифи 1,3 жогорулатылган коэффициентине түзөтүлөт, башкача айтканда бул категориядагы керектөөчүлөр үчүн тариф ЖЭБде электр энергиясын өндүрүүгө кеткен чыгымдарды компенсациялоо деңгээлинде белгиленет.

**Энергиянын кайра жаралуучу булактары**

"Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык энергиянын кайра жаралуучу булактарын (мындан ары - ЭКБ) пайдалануу менен электр жана жылуулук энергиясын иштеп чыккан өндүрүүчүлөр үчүн жеңилдиктер, анын ичинде ЭКБнын субъекттери тарабынан өндүрүлгөн бардык электр энергиясын бөлүштүрүүчү ири ишканалардын милдеттүү түрдө сатып алуусу каралган. ЭКБны пайдалануу менен иштелип чыккан электр энергиясын сатып алууга бөлүштүрүүчү ишканалардын кошумча чыгымдарын компенсациялоо акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына жалпы улуттук тарифти эсептөөдө жана белгилөөдө эске алынат.

Ушуга байланыштуу акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтерди эсептөөдө жана белгилөөдө "Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери эске алынат.

*(Абзац КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-ноябрындагы N 657 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

## 4-глава. Корутунду

Ар бир эсептик жыл үчүн электр энергиясынын тарифи ушул ОМТСнын 1 жана 2-тиркемелерине ылайык өткөн жылдагы иш жүзүндөгү инфляциянын чоңдугуна түзөтүлөт.

Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга
карата электр энергиясына орто мөөнөттүү
тарифтик саясатына
1-тиркеме

**Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына (Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы "Калк" жана "Насостук станциялар" керектөөчүлөр топторунан тышкары) (салыктарды эске албаганда)**
**ТАРИФТЕР**

*(КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы № 299, 2021-жылдын 23-декабрындагы № 328, 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 198, 2022-жылдын 29-июлундагы № 413, 2022-жылдын 25-ноябрындагы N 657 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

| № | Керектөөчүлөр тобу | Чен бирдиги | 2021-01.06.2022-ж. | 2022-ж. 01.06. | 2023-ж. 01.06. | 2024-ж. 01.06. | 2025-ж. 01.06. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Калк, анын ичинде: | | | | | | |
| 1.1 | Айына 700 кВт.с чейин керектөөдө (бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда жашаган калктан тышкары) | тыйын/кВт.с | 77,0 | 77,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 1.2 | Айына 700 кВт.с ашык керектөөдө (бийик тоолуу жана жетүүгө | тыйын/кВт.с | 216,0 | 216,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | кыйын зоналарда жашаган калктан тышкары) | | | | | | |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 1.3 | Бийик тоолуу жана жетүүгө кыйын болгон алыскы зоналарда жашаган калк | тыйын/кВт.с | 77,0 | 77,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 1.4 | 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр айына 700 кВт саатка чейин керектөөдө | тыйын/кВт саат | 50,0 | 50,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 1.5 | 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр айына 700 кВт сааттан ашык керектөөдө | тыйын/кВт саат | 216,0 | 216,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын | инфляциянын | инфляциянын |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | деңгээлине жараша | деңгээлине жараша | деңгээлине жараша |
| 1.6 | Электр энергиясын керектөөнү жана кубаттуулукту чектөөсүз пайдалануучу калк | тыйын/кВт.с | - | 2,52 | тариф+инфляция | тариф+инфляция | тариф+инфляция |
| | Өсүү | % | - | - | инфляциянын деңгээлине | инфляциянын деңгээлине | инфляциянын деңгээлине |
| | Жогорулатуу коэффициенти: | | - | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 |
| 2 | Насостук станциялар | тыйын/кВт.с | 109,5 | 109,5 | 128,7 | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 40,6 | - | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 3 | Электр транспорту | тыйын/кВт.с | 168,0 | 168,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 6,3 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 4 | Интернат тибиндеги балдар мекемелери, майыптар жана/же улгайган жарандар үчүн социалдык стационардык жана жарым стационардык мекемелер | тыйын/кВт.с | 168,0 | 168,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 6,3 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 5 | Диний уюмдар | тыйын/кВт.с | 168,0 | 168,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын | инфляциянын | инфляциянын |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | деңгээлине жараша | деңгээлине жараша | деңгээлине жараша |
| 6 | Бюджеттик керектөөчүлөр | тыйын/кВт.с | 252,0 | 340,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 12,5 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 7 | Айыл чарба | тыйын/кВт.с | 252,0 | 252,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 12,5 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 8 | Өнөр жай | тыйын/кВт.с | 252,0 | 252,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 12,5 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 9 | Башка керектөөчүлөр | тыйын/кВт.с | 252,0 | 252,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 12,5 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 10 | Майнингдин субъекттери (криптовалюта) | тыйын/кВт.с | 252,0 | 252,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 12,5 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| | Жогорулатуу коэффициенти: | | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 |
| 11 | Алтын кен өнөр жай ишканалары | тыйын/кВт.с | 252,0 | 252,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | (алтын өндүрүүчү фабрикалар) | | | | | | |
| | Өсүш | % | 12,5 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| | Жогорулатуу коэффициенти: | | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 |
| 12 | Куючу, эритүүчү цехтер | тыйын/кВт.с | 252,0 | 252,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 12,5 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| | Жогорулатуу коэффициенти: | | 1,5 | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 |
| 13 | Алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар | тыйын/кВт.с | 252,0 | 252,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 12,5 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| | Жогорулатуу коэффициенти: | | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 |
| 14 | Цемент заводдору | тыйын/кВт.с | 252,0 | 252,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | 12,5 | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| | Жогорулатуу коэффициенти: | | 1,3 | 1,3 | 1,3 | 1,3 | 1,3 |

Эскертүү.

1. Кийинки жылдардагы электр энергиясынын тарифтери өткөн жылдагы инфляциянын деңгээлине түзөтүлгөн өткөн жылдын тарифинен түзүлөт.

2. "Электр станциялар" ачык акционердик коому жана "Кыргызстан УЭТ" ачык акционердик коому менен электр энергиясын камсыз кылууга келишими бар керектөөчүлөр үчүн тарифтер электр энергиясынын чыңалуу классын эске алуу менен отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен белгиленет. Мында тарифтин эң жогорку өлчөмү акыркы керектөөчүлөрдүн "Өнөр жай" тобу үчүн тарифтин деңгээлинде белгиленет, ал эми минималдуу тариф электр энергиясынын чыңалуу классына жараша аныкталат.

Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга
карата электр энергиясына орто мөөнөттүү
тарифтик саясатына
2-тиркеме

**Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун жана Кара-Көл шаарынын Жазы-Кечүү айылынын жана Кара-Көл шаарынын "Калк" жана "Насостук станциялар" керектөөчүлөр тобу үчүн электр энергиясына (салыктарды эсепке албаганда)**

**ТАРИФТЕР**

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 198, 2022-жылдын 29-июлундагы № 413 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

| № | Керектөөчүлөрдүн тобу | Чен бирдиги | 2021-01.06.2022 | 2022-ж. 01.06. | 2023-ж. 01.06. | 2024-ж. 01.06. | 2025-ж. 01.06. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Калк, анын ичинде: | | | | | | |
| 1.1 | Айына 150 кВт.с чейин керектөөдө | тыйын/кВт.с | 13,3 | 13,3 | наркы боюнча | наркы боюнча | наркы боюнча |
| | Өсүш | % | 33,8 | - | - | - | - |
| 1.2 | 150 кВт.с ашык керектөөдө айына 700 кВт.с чейин (бийик тоолуу жана жетүүгө кыйын зоналарда жашаган | тыйын/кВт.с | 77,0 | 77,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | калкты кошпогондо) | | | | | | |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 1.3 | Айына 700 кВт.с ашык керектөөдө (бийик тоолуу жана жетүүгө кыйын зоналарда жашаган калкты кошпогондо) | тыйын/кВт.с | 216,0 | 216,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 1.4 | Бийик тоолуу жана жетүүгө кыйын болгон алыскы зоналарда жашаган калк | тыйын/кВт.с | 77,0 | 77,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 1.5 | 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр айына 150 кВт сааттан 700 кВт саатка чейин керектөөдө | тыйын/кВт.с | 50,0 | 50,0 | тариф + инфляция | тариф + инфляция | тариф + инфляция |
| | Өсүш | % | - | - | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша | инфляциянын деңгээлине жараша |
| 1.6 | Электр энергиясын керектөөнү жана кубаттуулукту чектөөсүз пайдалануучу | тыйын/кВт.с | - | 2,52 | тариф+инфляция | тариф+инфляция | тариф+инфляция |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | калк | | | | | | |
| | Өсүү | % | - | - | инфляциянын деңгээлине | инфляциянын деңгээлине | инфляциянын деңгээлине |
| | Жогорулатуу коэффициенти: | | - | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 |
| 2 | Насостук станциялар | тыйын/кВт.с | 13,3 | наркы боюнча | наркы боюнча | наркы боюнча | наркы боюнча |
| | Өсүш | % | 33,8 | - | - | - | - |

Эскертүү.

1. Кийинки жылдардагы электр энергиясынын тарифтери өткөн жылдагы инфляциянын деңгээлине түзөтүлгөн өткөн жылдын тарифинен түзүлөт.

2. "Жалал-Абад областындагы Токтогул районунун жана Кара-Көл шаарынын Жазыкечүү айылынын аймагында Токтогул ГЭСин жана суу сактагычын курууда келтирилген зыяндарды компенсациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык калктын жана Токтогул районунун жана Кара-Көл шаарынын Жазы-Кечүү айылынын насостук станциялары тарабынан керектелүүчү электр энергиясына акы төлөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген керектөө ченемдерин эске алуу менен Токтогул ГЭСинде өндүрүлгөн электр энергиясынын өздүк наркы боюнча жүргүзүлөт.

Жеңилдиктерге оордук келтирбөө максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-апрелиндеги № 206 "Бийик тоолуу жана алыскы барууга кыйын болгон зоналардагы оор, жагымсыз жаратылыш-климаттык шарттарда жашаган адамдарды мамлекеттик колдоонун кошумча чаралары жөнүндө" токтомуна ылайык белгиленген 50 % өлчөмүндө электр энергиясына акы төлөөдө компенсация ушул тиркеменин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн тарифке колдонулат.

Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга
карата электр энергиясына орто мөөнөттүү
тарифтик саясатынын
3-тиркемеси

**Электр энергиясына тарифтерди колдонуу боюнча**
**НУСКАМА**

*(КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы № 299, 2021-жылдын 23-декабрындагы № 328, 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 198, 2022-жылдын 29-июлундагы № 413 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Нускама Электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатты (мындан ары - ОМТС) ишке ашыруунун алкагында ыйгарым укуктуу орган тарабынан колдонууга бекитилген электр энергиясына тарифтерди колдонуунун тартибин, ошондой эле бекитилген тарифтерди колдоно турган керектөөчүлөрдүн тизмегин аныктайт.

2. Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик саналат.

## 2. Тарифтерди колдонуу чөйрөсү

3. Ушул Нускама менен белгиленген тарифтерди колдонуунун тартиби Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында акыркы керектөөчүлөргө электр менен камсыздоочу уюмдар тарабынан өндүрүлгөн, берилген, бөлүштүрүлгөн жана сатылган электр энергиясына жайылтылат.

4. Электр энергиясына белгиленген тарифтерди колдонуу ОМТСти ишке ашыруу мөөнөтү менен каралган мөөнөттүн ичинде жүзөгө ашырылат.

5. Электр менен камсыздоочу уюм укуктарды белгилеген документтердин негизинде керектөөчү (абонент) тиешелүү болгон тарифтик топту белгилейт.

5-1. Электр менен камсыздоочу уюм "Калк", 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр керектөөчүлөр тарифтик тобун Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан берилген тизменин негизинде белгилейт. Эгерде керектөөчүнүн энергия менен камсыздоочу уюм менен келишими жок болсо, аталган тарифтик топ жогоруда көрсөтүлгөн адамдар берген абоненттин энчилүү эсебинин негизинде да белгиленет.

## 3. Тарифтердин түрлөрү

6. Бул Нускама менен керектөөчүлөргө берилген бир киловатт-саат (кВт саат) активдүү электр энергиясын төлөөдө тарифтердин төмөнкү түрлөрүн колдонуу тартиби жөнгө салынат:

1) "Калк" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф ОМТСтин 1-тиркемесинин 1.1-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

2) "Калк" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф (бийик тоолуу жана жетүүгө кыйын болгон алыскы зоналарда жашаган калкты кошпогондо), электр энергиясын керектөө айына 700 кВт сааттан ашканда ОМТСтин 1-тиркемесинин 1.2-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

3) Бийик тоолуу жана жетүүгө кыйын болгон алыскы зоналарда жашаган "Калк" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф ОМТСтин 1-тиркемесинин 1.3-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

3-1) "Калк", 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр (анын ичинде бийик тоолуу жана жетүүгө кыйын болгон алыскы зоналарда жашаган калкты кошкондо) керектөөчүлөр тобу үчүн тариф электр энергиясын айына 700 кВт саатка чейин керектөөдө ОМТСтин 1-тиркемесинин 1.4-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

3-2) "Калк", 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр электр энергиясын айына 700 кВт сааттан ашык керектөөдө ОМТСтин 1-тиркемесинин 1.5-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

3-3) "Калк", 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган, бийик тоолуу жана алыскы райондордо жашаган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр электр энергиясын айына 700 кВт сааттан ашык керектөөдө ОМТСтин 1-тиркемесинин 1.3-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат.

3-4. "Электр энергиясын керектөөнү жана кубаттуулукту чектөөсүз пайдалануучу калк" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф ОМТСтин 1-тиркемесинин 1.6-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат.

4) Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун жана Кара-Көл шаарынын Жазы-Кечүү айылынын жана Кара-Көл шаарынын "Калк" керектөөчүлөр тобу үчүн тарифтер:

- айына 150 кВт саатка чейин керектөөдө ОМТСтин 2-тиркемесинин 1.1-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

- электр энергиясын айына 150дөн жогору 700 кВт саатка чейин керектөөдө (бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын аймактарда жашаган калктан, ошондой эле 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн тышкары) ОМТСтин 2-тиркемесинин 1.2-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

- электр энергиясын керектөө айына 700 кВт сааттан ашкан учурда (бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын аймактарда жашаган калктан тышкары) ОМТСтин 2-тиркемесинин 1.3-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

- бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда жашагандарга ОМТСтин 2-тиркемесинин 1.4-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

- 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр электр энергиясын айына 150дөн жогору 700 кВт саатка чейин керектөөдө ОМТСтин 2-тиркемесинин 1.5-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

- 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган, бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын аймактарда жашаган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр электр энергиясын айына 700 кВт сааттан ашык керектөөдө ОМТСтин 2-тиркемесинин 1.4-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

4-1. "Электр энергиясын керектөөнү жана кубаттуулукту чектөөсүз пайдалануучу калк" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф ОМТСтин 2-тиркемесинин 1.6-пунктчасында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат.

5) "Насостук станциялар" керектөөчүлөр тобу үчүн социалдык- багыттоо тарифи ОМТСтин 1-тиркемесинин 2-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

6) "Электр транспорту" жана "Интернат тибиндеги балдар мекемелери, майыптар жана/же улгайган жарандар үчүн социалдык стационардык жана жарым стационардык мекемелер", "Диний уюмдар" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф ОМТСтин 1-тиркемесинин 3, 4 жана 5-пункттарында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

7) "Майнингдин (криптовалюта) субъекттери" жана "Алтын кен өнөр жай ишканалары (алтын ылгоочу фабрикалар)", "Куюучу, эритүүчү цехтер", "Цемент заводдору" жана "Алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар" керектөөчүлөр топторун кошпогондо, калган тиричиликтик эмес топтор үчүн тариф ОМТСтин 1-тиркемесинин 6, 7, 8, 9-пункттарында көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

8) "Майнингдин (криптовалюта) субъекттери" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф 2,0 жогорулатылган коэффициентине түзөтүүлөрдү эске алуу менен ОМТСтин 1-тиркемесинин 10-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

9) "Алтын кен өнөр жай ишканалары (алтынды ылгоочу фабрикалар)" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф 2,0 жогорулатылган коэффициентине түзөтүүлөрдү эске алуу менен ОМТСтин 1-тиркемесинин 11-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

10) "Куюучу, эритүүчү цехтери" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф 2,0 жогорулатылган коэффициентине түзөтүүлөрдү эске алуу менен ОМТСтин 1-тиркемесинин 12-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

11) "Алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф 2,0 жогорулатылган коэффициентине түзөтүүлөрдү эске алуу менен ОМТСтин 1-тиркемесинин 13-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

12) "Цемент заводдору" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф 1,3 жогорулатылган коэффициентине түзөтүүлөрдү эске алуу менен ОМТСтин 1-тиркемесинин 14-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө колдонулат;

7. Сутканын убактысы боюнча дифференциалдуу тарифтер сутканын убактысы боюнча керектөө режимине ылайык электр энергиясын эсепке алууну ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берген тутумдарда жана эсепке алуу приборлорунда катталган көрсөткүчтөрдүн негизинде электр менен камсыздоочу уюмдар тарабынан колдонулат.

Дифференциалдуу тариф сутканын ар бир убакыттык мезгил үчүн белгиленген коэффициентке ылайык керектелген активдүү электр энергиясынын 1-кВт саатынын наркын аныктайт.

Сутканын убактысы боюнча дифференциалдуу тарифтин дайындалуу багыты - энергетикалык тутумдун жүктөмүнүн суткалык графигин теңдештирүү.

8. Сутканын убактысы боюнча электр энергиясына дифференциалдуу тарифтер сутканын убактысы боюнча керектөө режимине ылайык электр энергиясын эсепке алууну ишке ашырууга мүмкүндүк берген катталган тутумдар жана электр энергиясын коммерциялык эсепке алуучу автоматташтырылган маалыматтык-өлчөө тутумунун приборлору (ЭКЭМӨТ) бар "Калк" керектөөчүлөр тобу үчүн электр менен камсыздоочу уюмдар тарабынан колдонулат.

Электр менен камсыздоочу уюмдун техникалык мүмкүнчүлүктөрү бар болгон учурда төмөндөгү шарттарды аткарууда электр энергиясынын керектелген бардык көлөмүнө дифференциалдуу тарифти колдонуу жөнүндө керектөөчү (абонент) аны менен келишим түзүүгө укугу бар:

- керектелген электр энергиясынын бардык көлөмү үчүн төлөм керектөөнүн 700 кВт саат көлөмүнөн ашырып жиберген электр энергиясынын көлөмүнө белгиленген, учурдагы мезгилдин убагына колдонулган тариф боюнча кошуп эсептелет;

- керектөөчү сутканын ар бир убакыттык мезгили үчүн белгиленген коэффициенттерди колдонуу менен жогоруда көрсөтүлгөн тарифтер боюнча электр энергиясынын бардык керектелген көлөмүн төлөөгө милдеттенет:

1) түнкү зона үчүн коэффициент (23:00дөн 07:00гө чейин) - 0,5;

2) күндүзгү зона үчүн коэффициент (07:00дөн 23:00гө чейин) - 1,0.

**4. Керектөөчүлөрдүн топтору**

9. Бардык электр энергиясын акыркы керектөөчүлөр керектелген электр энергиясынын дайындалуу багыты боюнча 14 тарифтик топко бөлүнөт:

- "Калк" тобу;

- "Насостук станциялар" тобу;
- "Электр транспорту" тобу;
- "Интернат тибиндеги балдар мекемелери, майыптар жана/же улгайган жарандар үчүн жарым стационардык мекемелер" тобу;
- "Диний уюмдар" тобу;
- "Бюджеттик керектөөчүлөр (республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржыланган керектөөчүлөр)" тобу;
- "Айыл чарбасы" тобу;
- "Өнөр жайы" (өнөр жай жана ага теңештирилген керектөөчүлөр) тобу;
- "Башка керектөөчүлөр" тобу;
- "Майнингдин (криптовалюта) субъекттери" тобу;
- "Алтын кен өнөр жай ишканалары (алтынды ылгоочу фабрикалар)" тобу;
- "Куюучу, эритүүчү цехтер" тобу;
- "Алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар" тобу;
- "Цемент заводдору" тобу.

10. Бир электр менен камсыздоочу уюм тарабынан тейленген, окшош мүнөздөмөдөгү бирдей топтогу керектөөчүлөр бирдей тарифке ээ.

### 5. "Калк" тобуна берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу

11. Калкка электр энергиясын берүү отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган тарифтер боюнча электр энергиясын пайдалануунун мүнөзүнө жана көлөмдөрүнө карабастан жүргүзүлөт.

12. Көрсөтүлгөн тарифтер боюнча ар түрдүү тиричиликтик муктаждыктар үчүн турак үйлөрдө жана батирлерде жашаган калк тарабынан сарпталган электр энергиясы, ошондой эле шаардын сыртындагы жайкы эс алуучу үйлөргө (дачаларга) жана бак өстүрүүчү шериктештиктерге берилген электр энергиясы үчүн төлөм кошуп эсептелет.

13. "Калк" керектөөчүлөр тобу үчүн белгиленген тарифтер боюнча эс алуучулар жана убактылуу жашоочулар жок мезгилге (туристтик сезон токтогондо) турак үйлөрдү жана имараттарды (мейман үйлөрүн) эс алуучуларга жана убактылуу жашоочуларга ижарага беришкен керектөөчүлөргө да төлөм кошуп эсептелет. Электр менен камсыздоочу уюм мындай абонент менен турак үйлөрдүн жана имараттардын ижарага берилишинин мөөнөттөрү жана узактыгын көрсөткөн контрактты түзүшү керек.

Ошол эле учурда турак жайды ижарага алгандар же убактылуу жашап жаткандар электр менен камсыздоочу уюм менен келишими (контракт) жок, 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган муктаж жарандар (үй-бүлөлөр) болуп саналса ОМТСтин 1-тиркемесинин 1.4-пунктчасында көрсөтүлгөн тариф колдонулат. Ошондой эле өзүнчө келишим түзүү талап кылынбайт.

13-1. Калк үчүн социалдык багыттагы тариф айына 700 кВт саат электр энергиясын жеңилдетилген керектөөнүн кепилденген көлөмүнүн чегинде (бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын аймактарда жашаган калкты кошпогондо) колдонулат. Жеңилдетилген керектөөнүн кепилденген көлөмүнүн чегинде электр энергиясы үчүн төлөм керектөөчүгө электр менен жабдуучу уюм тарабынан берилген төлөм үчүн эсептерде өзүнчө сап менен эсептелет.

13-2. Айына электр энергиясын керектөө көлөмүн эсептөөдө абоненттин электр энергиясын орточо суткалык керектөөсүнөн чыгуу керек, бул:

700 кВт саат * 12 ай / 365 күн = 23,014 кВт саат.

14. Бийик тоолуу жана жетүүгө кыйын болгон алыскы зоналарда жашаган калк үчүн бүткүл керектелген электр энергиясына жыл бою социалдык-багыттоо тарифи колдонулат.

14-1. "Калк", 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр керектөөчүлөр тобу үчүн тариф бул адамдардын жашаган/жүргөн жери боюнча тиешелүү тизмелерди берген айдан кийинки айдын биринен тартып колдонулат жана төлөмдөр токтотулган айдан кийинки айдын биринен тартып токтотулат.

Жашаган/жүргөн жер өзгөргөн учурда тарифти колдонуу мөөнөтү:

1) акыркы жашаган жери боюнча - мындай өзгөрүүлөр болгон айдан кийинки айдын биринен тартып токтотулат;

2) жаңы жашаган жери боюнча - абонент жашап баштаган айдан кийинки айдын биринен башталат.

"Калк", 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр керектөөчүлөр тобу үчүн тариф иш жүзүндө жашаган/жүргөн жери боюнча колдонулат жана эки же андан көп даректерге карата колдонулбайт.

Электр менен камсыздоочу уюм менен түз келишими жок керектөөчүлөр, 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөр электр менен камсыздоочу уюмга абоненттин жашаган/жүргөн жери боюнча энчилүү эсебин берет.

14-2. "Электр энергиясын керектөөнү жана кубаттуулукту чектөөсүз пайдалануучу калк" керектөөчүлөр тобу үчүн тариф жогорулатуу коэффициентти колдонуу менен (майнинг максатынан тышкары) электр менен жабдуучу уюмдун техникалык мүмкүнчүлүгү болгондо жана

тиричилик керектөөчүлөр тарабынан ыктыярдуу негизде колдонулат. Мында электр менен жабдуучу уюм менен түзүлгөн жеке келишимге ылайык тариф керектелген электр энергиясынын бардык көлөмүнө колдонулат жана 700 кВт саат керектөө нормасы колдонулбайт.

15. Тиричиликтик абонент электр энергиясын керектөөнүн 700 кВт саат көлөмүнөн ашыкча көлөмдө пайдаланган учурда, төлөм тийиштүү тариф боюнча жүргүзүлөт. Бул тариф боюнча электр энергиясы үчүн төлөм электр менен камсыздоочу уюм тарабынан көрсөтүлгөн төлөм эсебине өзүнчө сап менен эсептелинет.

16. Жалпы эсептөөчү эсептегич боюнча электр менен камсыздоочу уюмдар менен эсептешкен шаардын сыртындагы жайкы эс алуучу үйлөргө (дачаларга) жана бак өстүрүү шериктештиктерге (аралаш жүктөмү менен керектөөчү - кайра сатуучулар болуп саналбаган) электр энергиясын берүү "Калк" тобу үчүн белгиленген тариф боюнча жүргүзүлөт.

Ар бир шаардын сыртындагы жайкы эс алуучу үйлөрдөгү (дачалардагы) жана бак өстүрүү шериктештиктеги жеке тиричиликтик керектөөчүлөрдүн иш жүзүндөгү саны лицензиаттын (электр менен камсыздоочу уюмдун) өкүлүнүн катышуусу менен инвентаризациялоонун негизинде жазылып белгиленет.

Мында кошуп эсептөө биринчи кезекте тиричиликтик керектөөчүлөрдүн санына көбөйтүлгөн 700 кВт саат өлчөмүндөгү электр энергиясын керектөөнүн көлөмүнө "Калк" тобу үчүн тарифтин биринчи баскычы боюнча жүргүзүлөт. Андан кийин кошуп эсептөө тарифтин биринчи баскычы боюнча кошуп эсептөөнү кемитүү менен керектөөчүнүн эсепке алуу приборунун көрсөткүчү боюнча электр энергиясын иш жүзүндө чыгымдоо боюнча жүргүзүлгөндөн кийин, 700 кВт сааттан жогору керектөөнүн көлөмү үчүн экинчи баскычтагы тариф боюнча төлөм суммасы аныкталат.

17. Шаардын сыртындагы жайкы эс алуучу үйлөр (дачалар) жана бак өстүрүү шериктештиктери тарабынан сугарууга сарпталган электр энергиясына (насостук станция жамааттык болуп эсептелген шарттарда) айыл чарба жерлерин сугарууну камсыз кылган "Насостук станциялар" керектөөчүлөр тобу үчүн белгиленген тариф боюнча өзүнчө төлөнөт.

18. Эсептөөнүн ушундай алгоритми "Калк" керектөөчүлөр тобунда болушкан бардык тиричиликтик эмес абоненттер үчүн колдонулат жана эсептөө жалпы эсепке алуу прибору боюнча жүргүзүлөт (жатакана, жалпы эсепке алуу менен мейманкана тибиндеги турак үйлөр жана башкалар).

19. Бир гана башкы эсепке алуу боюнча электр энергиясы үчүн эсептешүү жүргүзгөн жана бир энчилүү эсеби болгон жеке жактардын тобу үчүн керектелген электр энергиясы үчүн төлөмдү кошуп эсептөө жалпы башкы эсепке алуу эсебине кошулган жеке тиричиликтик керектөөчүлөрдүн саны жазылып белгиленген инвентаризациялоонун негизинде жүргүзүлөт. Ошол эле учурда бир же бир нече керектөөчү катары 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) "үй-бүлөгө көмөк" ар айлык жөлөкпул алган аз камсыз болгон үй-бүлө болсо, мындай керектөөчүнү идентификациялоо энчилүү эсебинин жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан берилген тизменин негизинде жүргүзүлөт.

Кошуп эсептөө биринчи кезекте тиричиликтик керектөөчүлөрдүн санына көбөйтүлгөн 700 кВт саат өлчөмүндөгү электр энергиясын керектөөнүн өлчөмүнө "Калк" тобу үчүн тарифтин биринчи баскычы боюнча жүргүзүлөт. Андан кийин керектөөчүнүн эсепке алуу приборунун көрсөткүчү боюнча электр энергиясынын иш жүзүндөгү керектөөсүнө жараша эсептелинип, тарифтин биринчи баскычы боюнча кошуп эсептөөнү алып салганда, 700 кВт сааттан ашык керектөөнүн көлөмү үчүн экинчи баскычтагы тариф боюнча төлөмдүн суммасы аныкталат.

20. Баланстык тиешелүүлүктүн чегинде жайгашпаган, өз менчигинде трансформатордук көмөкчү чордону (ТКЧ), электр өткөрүү чубалгысы (ЭӨЧ) жана эсептөөчү жалпы эсепке алуу приборлору бар керектөөчүлөр үчүн кошуп эсептөө эсепке алуу приборлорунун көрсөткүчтөрү жана керектөөчүгө таандык болгон ТКЧ жана ЭӨЧтөгү жоготуулардын көлөмү боюнча жүргүзүлөт. Керектөөчүнүн тармактык элементтериндеги жоготуулары үчүн кошуп эсептөө ушул керектөөчүгө колдонулган негизги тариф боюнча, ал эми ар түрдүү топторго кирген бир нече керектөөчүлөр кошулган учурда, аларга колдонулган тарифтердин эң төмөнкүсү боюнча жүргүзүлөт. "Калк" тобунун керектөөчүлөрү жеке эсепке алуу боюнча эсептешүү жүргүзүшкөн учурларда керектөөчүнүн тармактык элементтериндеги жоготуулар үчүн эсептөө тарифтин биринчи баскычы боюнча жүргүзүлөт. Ар бир абоненттин электр энергиясын 700 кВт саатка чейинки көлөмдөгү керектөөчүнүн тармактык жоготуулары буга кошулбайт.

21. Коммуналдык сектордун жашоочулары үчүн жалпы пайдалануудагы (үйгө кирүүчү подъездди жарык кылуу, лифттин электрдик керектөөсү, жогорулатуучу жана төмөндөтүүчү насостор) электр энергиясын керектөө үчүн төлөм "Калк" тобу үчүн тарифинин биринчи баскычы боюнча жүргүзүлөт жана ар бир абоненттин 700 кВт саатка чейинки көлөмдөгү электр энергиясы эске алынбайт.

22. Коммуналдык секторду тейлеген жана кондоминиумдардын, турак-жай курулуш кооперативдеринин, кооперативдердин, шериктештиктердин, турак жай менчик ээлеринин балансында турган электр отканалары керектеген электр энергиясы үчүн төлөө 700 кВт саат өлчөмүндө "Калк" керектөөчүлөр тобу үчүн белгиленген тарифтин биринчи баскычы боюнча жүргүзүлөт, калган көлөм үчүн төлөө "Калк" тобунун экинчи баскычы боюнча эсептелинет.

23. Курулушу бүтө элек жана пайдаланууга бериле элек көп батирлүү турак үйлөрү тарабынан керектелген электр энергиясына "Өнөр жай (өнөр жай жана ага теңдештирилген керектөөчүлөр)" тобу үчүн белгиленген тарифтер боюнча төлөнөт.

24. "Калк" акыркы керектөөчүлөр тобуна турак жай үйлөрү, батирлер, батир түрүндөгү жатаканалар, коммерциялык эмес типтеги окуу жайлардын, мектеп-интернаттардын жатаканалары, аскерлештирилген мекемелердин гарнизондорунун казармалары жана жатаканалары, түзөтүүчү жайлардын тергөө изоляторлору жана башка министрликтердин жана ведомстволордун турак жай зоналары кирет.

## 6. "Насостук станциялар" тобуна берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу

25. "Насостук станциялар" тобунун керектөөчүлөрү үчүн электр энергиясын берүү ОМТСтин 1-тиркемесинин 2-пунктундагы көрсөтүлгөн өлчөмдө социалдык-багыттоо тарифи боюнча жүргүзүлөт.

26. Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун жана Кара-Көл шаарынын жана Кара-Көл шаарынын Жазы-Кечүү айылынын "Насостук станциялар" керектөөчүлөр тобу үчүн электр энергиясын берүү ОМТСтин 2-тиркемесинин 2-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө социалдык-багыттоо тарифи боюнча жүргүзүлөт.

27. Айыл чарба жерлерин сугарууну камсыз кылган насостук станциялар тарабынан жана калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча керектелген электр энергиясы үчүн төлөөнү кошуп эсептөө аталган топ үчүн отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген тариф боюнча жүргүзүлөт.

28. "Насостук станциялар" тобунун керектөөчүлөрүнө төмөнкү акыркы керектөөчүлөр кирет:

- таза суу менен калкты камсыз кылуучу насостук станциялар жана скважиналар;

- айыл чарба жерлерин сугат суу менен камсыз кылуучу насостук станциялар жана скважиналар;

- суу түтүктөрү жана канализация чарбасынын ишканаларынын насостук станциялары жана скважиналары.

## 7. "Электр транспорту" тобуна берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу

29. "Электр транспорту" тобунун керектөөчүлөрүнө электр энергиясын берүү электр энергиясын пайдалануунун мүнөзүнө, берүүнүн тибине карабастан белгиленген тариф боюнча жүргүзүлөт.

30. Аталган топтун керектөөчүлөрү керектелген электр энергиясы үчүн төлөөнү ОМТСтин 1-тиркемесинин 3-пунктунда көрсөтүлгөн тариф боюнча жүргүзүшөт.

31. "Электр транспорту" тобунун керектөөчүлөрүнө төмөнкү акыркы керектөөчүлөр кирет:

- жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча тийиштүү кызматтарды көрсөтүүнү ишке ашыруу үчүн электр транспортун (троллейбустар жана электр автобустарды) колдонгон троллейбустук деполор, ошондой эле жүргүнчү ташуучу автотранспорт ишканалары;

- электромобилдерди заряддоо боюнча коомдук станциялар.

## 8. "Интернат тибиндеги балдар мекемелерине, майыптар жана/же улгайган жарандар үчүн социалдык стационардык жана жарым стационардык мекемелер" тобуна берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу

32. "Интернат тибиндеги балдар мекемелерине, майыптар жана/же улгайган жарандар үчүн социалдык стационардык жана жарым стационардык мекемелер" тобу үчүн электр энергиясын берүү электр энергиясын пайдалануунун мүнөзүнө, берүүнүн тибине карабастан белгиленген тариф боюнча жүргүзүлөт.

33. Аталган топтун керектөөчүлөрү керектелген электр энергиясы үчүн төлөөнү ОМТСтин 1-тиркемесинин 4-пунктундагы көрсөтүлгөн тариф боюнча жүргүзүшөт.

34. "Интернат тибиндеги балдар мекемелери, майыптар жана/же улгайган жарандар үчүн социалдык стационардык жана жарым стационардык мекемелер" тобунун керектөөчүлөрүнө менчигинин түрүнө карабастан кыйын турмуштук кырдаалда болгон балдарга, майыптарга жана/же улгайган жарандарга кызмат көрсөткөн мекемелер, ошондой эле мамлекеттик социалдык заказдын алкагында долбоорлорду ишке ашыруучу коммерциялык эмес уюмдар кирет.

Бул топтун керектөөчүлөрү социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аккредитация жөнүндө күбөлүгү болушу керек, ошондой эле төмөнкү мүнөздөмөлөрдүн бирине ылайык келүүгө тийиш:

а) стационардык:

- улгайган жарандар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн социалдык стационардык мекемелер;

- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн социалдык стационардык мекемелер;

- жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн социалдык стационардык мекемелер;

б) жарым стационардык:

- улгайган жарандарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарга социалдык тейлөө борборлору (күндүз болуу бөлүмдөрү);

- балдар жана өспүрүмдөр үчүн социалдык баш калкалоочу жайлар;

- балдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү башка категориядагы адамдар үчүн социалдык-реабилитациялоо борборлору;

- балдарга социалдык жардам көрсөтүү борборлору;

- түнкүсүн баш калкалоочу жайлар;

- геронтологиялык борборлор;

- жалгыз бой карылар үчүн атайын үйлөр;

- ата-энесинин камкордугусуз калган балдарга жардам берүүчү борборлор;

- балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүнө жардам берүү борборлору (социалдык адаптациялоо борборлору);

- баш калкалоочу жай (үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар үчүн убактылуу жашоо борбору);

- "Пробация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине ылайык түзүлгөн реабилитациялык борборлор (социалдык жатаканалар);

- үй-бүлөлүк балдар үйү;

в) менчигинин түрүнө карабастан кыйын турмуштук кырдаалда турган балдарга кызмат көрсөтүүчү жана балдардын күнү-түнү болуусу үчүн арналган интернат тибиндеги балдар мекемелери.

## 9. Диний уюмдар тобу үчүн электр энергиясына тарифтерди колдонуу

35. "Диний уюмдар" тобунун керектөөчүлөрүнө электр энергиясын берүү электр энергиясын пайдалануунун мүнөзүнө, берүүнүн тибине карабастан белгиленген тариф боюнча жүргүзүлөт.

36. Аталган топтун керектөөчүлөрү керектелген электр энергиясы үчүн төлөөнү ОМТСтин 1-тиркемесинин 5-пунктунда көрсөтүлгөн тариф боюнча жүргүзүшөт.

37. "Диний уюмдары" тобунун керектөөчүлөрүнө төмөнкүлөр кирет: диний коомдор, борборлор, диний билим берүү мекемелери, мечиттер, чиркөөлөр, синагогалар, сыйынуу үйлөрү, монастырлар жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган башка уюмдар.

## 10. "Бюджеттик керектөөчүлөр (республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржыланган керектөөчүлөр)" тобу үчүн электр энергиясына тарифтерди колдонуу

38. "Бюджеттик керектөөчүлөр (республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржыланган керектөөчүлөр)" тобунун керектөөчүлөрүнө электр энергиясын берүү пайдалануунун мүнөзүнө, берүүнүн тибине карабастан белгиленген тариф боюнча жүргүзүлөт.

39. Аталган топтун керектөөчүлөрү керектелген электр энергиясы үчүн төлөөнү ОМТСтин 1-тиркемесинин 6-пунктунда көрсөтүлгөн тариф боюнча жүргүзүшөт.

40. Бюджеттик керектөөчүдө негизги керектөөчүдөн өзүнчө эсепке алуу прибору бар жатаканасы болгон учурда мындай жатаканалар керектеген электр энергиясына акы төлөө "Калк" тобу үчүн белгиленген тариф боюнча жүргүзүлөт.

41. Республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржыланган керектөөчүлөргө төмөнкүлөр кирет:

- мамлекеттик мекемелер;

- мамлекеттик ооруканалар, бейтапканалар, алдын-алуу мекемелери, консультациялар, төрөт үйлөрү, балдар тамак-азыгынын сүт бөлүштүрүүчү пункттары;

- мамлекеттик мектептер, жогорку жана орто кесиптик окуу жайлары (техникумдар, колледждер жана башка окуу жайлары), анын ичинде жатаканалар;

- мамлекеттик бала бакчалар жана яслилер, эс алуу лагерлери жана башка балдар мекемелери;

- мамлекеттик киностудиялар, театрлар, концерттик залдар, кинотеатрлар, цирктер жана башка оюн-зоок ишканалар;

- мамлекеттик музейлер, көргөзмөлөр, китепканалар, окуу залдары, лекция залдары, планетарийлер, клубдар, маданият үйлөрү жана башка маданий-агартуу мекемелери;

- мамлекеттик стадиондор, ипподромдор, бассейндер, спорт залдары жана башка спорттук курулмалар;

- мамлекеттик ботаникалык бакчалар, зоопарктар;

- бардык кызматтар менен аскер бөлүктөрү, анын ичинде казарма жана аскер кызматына арналган турак жайлар жана жатаканалар; бардык кызматтар менен аскердик окуу мекемелери;

- Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине жана улуттук коопсуздук органдарына караштуу башка ишканалар, мекемелер жана уюмдар;

- сот бийлигинин органдары;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы;

- акыркы керектөөчүлөрдүн аталган тобуна киргизилүүгө тийиш болгон, "Интернат тибиндеги балдар мекемелери, майыптар жана/же улгайган жарандар үчүн социалдык стационардык жана жарым стационардык мекемелер" тобунун керектөөчүлөрүн кошпогондо, республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен толук каржыланган ар кандай башка топторго таандык болушу мүмкүн болгон кандай болбосун керектөөчүлөр.

## 11. "Айыл чарбасы" тобу үчүн берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу

42. "Айыл чарбасы" тобунун керектөөчүлөрүнө электр энергиясын берүү пайдалануунун мүнөзүнө, берүүнүн тибине карабастан белгиленген тариф боюнча жүргүзүлөт.

43. "Айыл чарбасы" тобунун керектөөчүлөрүнүн керектеген электр энергиясы үчүн акы төлөөсү ОМТСтин 1-тиркемесинин 7-пунктундагы көрсөтүлгөн тариф боюнча жүргүзүлөт.

44. "Айыл чарба" тобунун керектөөчүлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

- дыйкан жана фермердик чарбалар;

- мал чарба комплекстери, кой сарайлар жана айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча ишканалар;

- өз алдынча же кооперативдик уюмдарга жана мекемелерге таандык болгон көмөкчү айыл чарбалар;

- күнөскана жана күнөскана-парник чарбалары;

- тоют жана бордоп семиртүүчү чарбалар (пункттар), мамлекеттик асыл тукум станцияларынын тоют чарбалары, жылкы заводдору, асыл тукум заводдору (фермалары), асыл тукум малды өстүрүү питомниктери, асыл тукум малды сатып алуу боюнча станциялар (пункттар), бирикмелер;

- гренаж заводдору, кокон кургаткычтар, жибек курт станциялары;

- бакма канаттуулар фабрикалары, инкубатордук канаттуулар станциялары, бакма канаттуулар заводдору (чарбалар);

- балык өстүрүүчү заводдор (чарбалар), балык чарбалары, балык өстүрүү жана мелиоративдик станциялары, балык өстүрүү питомниктери, балык өстүрүү пункттары;

- аары питомниктери жана бал челектери;

- айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сорттук сыноо участоктору;

- дары-дармек жана техникалык чийки заттарды өстүрүү боюнча айыл чарба ишканалары (чарбалары);

- өсүмдүктөрдү коргоо станциялары, экспедициялар жана өсүмдүктөрдүн зыянкечтерине жана илдеттерине каршы күрөшүү боюнча отряддар;

- биофабрикалар жана биокомбинаттар;

- токой чарбалары, токойчулуктар, токой питомниктери, коруктар, аңчылык чарбалары, териси багылуучу жаныбарлардын, иттердин питомниктери, коёндорду өстүрүү чарбалары, аң чарбалары;

- машина менен сугаруучу насостук станциялар, сугаруучу, суу жеткирүүчү жана кургатуучу тутумдар жана алардын эксплуатациялык участоктору, сугат каналдары, вертикалдуу дренаж скважиналары;

- ветеринардык лабораториялар (участоктор, пункттар), жаныбарлардын ылаңдарына каршы күрөшүү станциялары, эт жана сүт жана тамак-аш контролдоо станциялары.

## 12. "Өнөр жай (өнөр жай жана ага теңештирилген керектөөчүлөр)" тобунун керектөөчүлөрүнө берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу

45. "Өнөр жай (өнөр жай жана ага теңештирилген керектөөчүлөр)" тобу үчүн берилген электр энергиясына эсептешүү белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

46. Ушул эле тариф боюнча "Өнөр жай" тобунун керектөөчүлөрү тарабынан өндүрүштүк муктаждыктарга жана өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес (бирок өндүрүш менен байланышкан) жайларды: цехтерди, завод башкармалыктарын, кеңселерди, фабрика-завод коомдук уюмдарын, кампаларды, гараждарды жана башкаларды, ошондой эле менчик темир жол подьезддик жолдорун жана ишканалардын аймактарын жарыктандырууга сарпталган электр энергиясына эсептөө жүргүзүлөт.

47. "Өнөр жай" тобунун керектөөчүлөрүндө өндүрүш менен байланышпаган, анын ичинде өндүрүш менен бир аймакта турган жана жалпы бөлүштүрүүчү тармактардан кошулган имараттар жана жайлар (турак поселогдору, өзүнчө турак үйлөрү, жатаканалар, мейманканалар, келгендер үчүн үйлөр, кинотеатрлар, клубдар, маданият үйлөрү, ооруканалар, эмканалар, медпункттар, мончолор, сауналар, ашканалар, балдар бакчалары, яслилер жана ушул сыяктуулар) болушу мүмкүн. Мындай имараттар жана жайлар өзүнчө эсепке алуу приборлору менен жабдылууга тийиш. Өндүрүш менен байланышпаган мындай имараттарды жана жайларды жарыктандырууга жана башка муктаждыктарына сарпталган электр энергиясына эсептөөлөр керектөөчүлөрдүн тиешелүү топтору үчүн белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

48. Эгер айрым цехтер же айрым объекттер негизги керектөөчүдөн обочо жайгашса жана аны менен жалпы бөлүштүрүүчү тармагы болбосо, бул цех же башка айрым объекттер менен эсептешүүлөр аталган топтогу негизги керектөөчү менен эсептешүүдө колдонулган тарифке көз каранды болбостон, керектөөчүлөрдүн тиешелүү топтору үчүн белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

49. Керектелген электр энергиясы үчүн "Өнөр жай" тобунун керектөөчүлөрүнүн акы төлөөсү ОМТСтин 1-тиркемесинин 8-пунктунда көрсөтүлгөн тариф боюнча жүргүзүлөт.

50. "Өнөр жай (өнөр жай жана аларга теңештирилген керектөөчүлөр)" тобунун керектөөчүлөрүнө продукцияны өндүрүү жана кайра иштетүү менен иш жүргүзүшкөн кайсы гана болбосун уюштуруучулук түрдөгү жана менчиктеги ишканалар кирет, анын ичинде:

- бирикмелер, өнөр жай ишканалары (заводдор, анын ичинде айыл чарба оңдоо ишканалары, айыл чарба машиналарын жана механизмдерди оңдоо боюнча устаканалар, ошондой эле илимий-изилдөө уюмдарынын тажрыйбалык заводдору, комбинаттар, фабрикалар, шахталар, кен чыгуучу жерлер, карьерлер, разрездер, мунай, газ өндүрүштөрү, бургулоо орнотмолору ж.б.);

- өндүрүштүк устаканалар, басмаканалар, муздатуучу орнотмолор, фермердик жана дыйкан чарбаларын кошпогондо өндүрүштүк жана оңдоо базалары;

- курулуш материалдарын өндүрүү боюнча ишканалар;

- айылдык курулуш уюмдарынан тышкары, курулушту тейлеген жардамчы транспорт жана көмөкчү объекттерди кошуу менен түздөн-түз курулуш жана монтаждоо иштерин жүзөгө ашыруучу курулуш уюмдары;

- темир жол, суу, автомобиль, аба жана шаардык транспорт ишканалары (оңдоочу жана башка заводдор, темир жол, троллейбус жана автобус деполору жана парктары, сорттоочу транспорт объекттери, деңиз жана суу порттору, жүктү которуштуруп жүктөө базалары жана пункттары, автобазалар, мунай түтүктөрү, магистралдык газ түтүктөрү жана башкалар);

- байланыш ишканалары (радиостанциялар, телекөрсөтүү борборлору, ретрансляторлор, телефондук жана телеграфтык түйүндөр жана станциялар, уюлдук байланыш станциялары, интернет провайдерлер, почтамптар жана башкалар);

- коммуналдык чарба ишканалары (отканалар, жылуулук тармактарынын ишканалары, суу түтүк-канализация чарбаларынын ишканалары);

- өндүрүштүк ишканаларды материалдык-техникалык жабдуучу жана даярдоочу ишканалар жана уюмдар (кампалар, элеваторлор, базалар, анын ичинде жүктү которуштуруп жүктөө, ар түрдүү кабыл алуу пункттары, өз-өзүнчө бөлөк даярдоо жана даярдоо объекттери жана башкалар);

- канаттууларды, сүт жана сүт азыктарын, унду жана нанды, анын ичинде чакан тегирмендерди, май бышкычтар, чакан наабайканалар, балмуздакты өндүрүү боюнча цехтер;

- тамак-аш жана жеңил өнөр жай ишканалары, анын ичинде кондитердик жана тигүү цехтери;

- этти жана жашылча-жемиш продукцияларын кайра иштетүү боюнча ишканалар;

- терилерди, жыгачтарды жана металлдарды иштеп чыгуу боюнча устаканалар;

- өсүмдүк майын өндүрүү үчүн май бышкычтар;

- оңдоочу-механикалык заводдор жана башка өнөр жай ишканалары;

- өнөр жай ишканаларынын кампалары жана базалары;

- фасовкалоо жана идиштерди оңдоо ишканалары жана уюмдары.

**13. "Башка керектөөчүлөр" тобуна берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу**

51. Киргизүүнүн түрүнө карабастан, бардык башка керектөөчүлөргө электр энергиясын берүү белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

52. Киргизүүнүн түрүнө карабастан, электр энергиясын мончолордо, сауналарда, ошондой эле стационардык электр приборлорунда (плиталарда, мештерде жана башкаларда) тамак-аш даярдоо үчүн электр энергиясын пайдаланган башка керектөөчүлөргө электр энергиясын берүү белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

53. Башка топторго тиешелүү болбогон башка керектөөчүлөргө берилген электр энергиясына эсептешүү киргизүүнүн түрүнө жана электр энергиясын пайдалануу максаттарына карабастан, колдонуудагы тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

54. Керектелген электр энергиясы үчүн "Башка керектөөчүлөр" тобунун керектөөчүлөрүнүн акы төлөөсү ОМТСтин 1-тиркемесинин 9-пунктунда көрсөтүлгөн тариф боюнча жүргүзүлөт.

55. "Башка керектөөчүлөр" тобуна төмөнкүлөр кирет:

- жалпыга маалымдоо каражаттары (кабелдик телекөрсөтүү компаниялары, теле жана радио компаниялар, гезиттердин, журналдардын редакциялары жана башкалар);

- жарнама агенттиктери, кыймылсыз мүлк агенттиктери;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан тышкаркы, банктар, ломбарддар, микрокредиттик уюмдар жана башка финансылык-кредиттик мекемелер;

- жабдууларды, машиналарды, приборлорду, металлды, мунай продуктуларын жана башка өндүрүштүк жана курулуш багытындагы продукцияларды дүңүнөн берүү боюнча сатуучу жана камсыздоочу уюмдардын кампалары жана базалары, ошондой эле материалдык-техникалык жабдуу жана соода уюмдарынын базалары;

- коомдук, укук коргоочу уюмдар жана бирикмелер;

- турак жай-эксплуатациялык башкармалыктар (жеке муктаждыктарды кошуу менен);

- илимий-изилдөө, долбоорлоо жана изилдөө институттары, эсептеп чыгаруучу борборлор, лабораториялар, конструктордук бюролор, башка илимий-изилдөөчү жана долбоорлоо-изилдөө мекемелери;

- темир жол вокзалдары, пристандар, автовокзалдар, аэровокзалдар, аэродромдор, аэропорттор, автобустук станциялар;

- гараждар жана жеке автомашиналар үчүн гараждык-курулуш кооперативдери, автопарктар, машина токтотуучу жайлар, автомашиналарга күйүүчү май куюу станциялары, автооңдоо устаканалары, техникалык тейлөө станциялары, автомашиналарды жуучу жайлар;

- калкты тиричилик жактан тейлөөчү бардык ишканалар, чачтарачканалар, фотоателье, ателье жана кийим, бут кийим, маданий-тиричилик багытындагы жана күндөлүк чарбалык турмуштагы буюмдарды оңдоо боюнча устаканалар, химиялык тазалоочу жана кир жуучу жайлар, прокаттык пункттар, мончолор, сауналар, душка түшүүчү жайлар жана башка тиричилик жактан тейлөөчү ишканалар;

- менчик ооруканалар, эмканалар, профилакториялар, кеңеш берүүчү жайлар, төрөт үйлөрү, санаториялар жана башка дарылоо жайлары;

- менчик мектептер, жогорку жана орто кесиптик окуу жайлары (техникумдар, орто окуу жайлары жана башка окуу жайлар);

- менчик бала бакчалары жана яслилер, эс алуу лагерлери жана башка балдар мекемелери;

- мейманканалар, эс алуу үйлөрү, пансионаттар, мотелдер, кемпингдер, туристтик базалар жана спорттук-ден соолукту чыңдоочу комплекстер;

- жеке киностудиялар, театрлар, концерттик залдар, кинотеатрлар, цирк жана башка оюн көрсөтө турган ишканалар;

- менчик музейлер, көргөзмөлөр, китепканалар, китеп окуучу жайлар, лекция окулуучу жайлар, планетарийлер, клубдар, маданият үйлөрү жана башка маданий-агартуу мекемелери;

- маданий жана эс алуу парктары, бактар, ботаникалык бактар, зоопарктар;

- менчик стадиондор, ипподромдор, сууга сүзүү бассейндери, спорттук залдар жана башка спорттук курулмалар;

- дүкөндөрдүн бардык түрлөрү, бутиктер, салондор, соода комплекстери, дарыканалар, алмаштыруу бюролору, кеңселик борборлор;

- чакан дүкөндөр, чатырлар, автодүкөндөр, базарлар, жарманкелер жана базарлар, мезгилдүү соода павильондору, бардык түрдөгү киоскалар, үй дүкөндөрү;

- соода кампалары, чекене сатуу базалары, соода уюмдарынын дүң базалары, жашылча-жемиш сактоочу жайлар, жашылча жана мөмө-жемиш базалары;

- ашканалар, тез татым, кафелер, барлар, чай ичүүчү жерлер, ресторандар, буфеттер, фабрика-ашканалар, чала фабрикаттар комбинаттары, үй ашканалары;

- оюн автоматтары залдары, интернет-кафелер жана башка кызыктыруучу жайлар;

- менчигинин түрүнө карабастан азык-түлүк, өнөр жай товарларын, чала фабрикаттарды түздөн-түз сатуучу, ошондой эле тамактарды жана суусундуктарды чыгаруучу чекене соода тармагынын жана коомдук тамактануу ишканалары;

- жогоруда көрсөтүлгөн тарифтик топтордун бирине да кирбеген башка керектөөчүлөр.

## 14. "Майнинг (криптовалюта) субъекттери" тобуна берилүүчү электр энергиясына тарифтерди колдонуу

56. "Майнинг (криптовалюта) субъекттери" тобуна электр энергиясын берүү электр энергиясын киргизүүнүн түрүнө карабастан, белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

57. Майнинг (криптовалюта) максатында керектөөчүлөр тарабынан пайдаланылган электр энергиясына төлөө электр менен камсыз кылуучу уюмдар тарабынан берилген төлөө эсептеринде өзүнчө сап менен көрсөтүлөт.

58. Электр энергиясын керектөөчүлөрдү "Майнинг (криптовалюта) субъекттери" тобуна киргизүү берилген техникалык шарттардын негизинде электр менен камсыз кылуучу уюм тарабынан жүргүзүлөт.

59. Электр энергиясын айына керектөөдө "Майнинг (криптовалюта) субъекттери" тобунун керектөөчүлөрү үчүн тариф ОМТСтин 1-тиркемесинин 10-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө, 2,0 жогорулатылган коэффициентке түзөтүүнү эске алуу менен кабыл алынат.

## 15. "Алтын кени өнөр жай ишканалары (алтын ылгоочу фабрикалар)" тобуна берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу

60. "Алтын кени өнөр жай ишканалары (алтын ылгоочу фабрикалар)" тобуна электр энергиясын берүү киргизүүнүн түрүнө карабастан, белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

61. "Алтын кени өнөр жай ишканалары (алтын ылгоочу фабрикалар)" тобуна электр энергиясын керектөөчүлөрдү киргизүү берилген техникалык шарттардын негизинде электр менен камсыз кылуучу уюм тарабынан жүргүзүлөт.

62. Электр энергиясын айына керектөөдө "Алтын кени өнөр жай ишканалары (алтын ылгоочу фабрикалар)" тобунун керектөөчүлөрү үчүн тариф ОМТСтин 1-тиркемесинин 11-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө, 2,0 жогорулатылган коэффициентке түзөтүүлөрдү эске алуу менен кабыл алынат.

63. "Алтын кени өнөр жай ишканалары (алтын ылгоочу фабрикалар)" тобуна төмөнкүлөр кирет:

- алтын кенин казуучу ишканалар;
- алтын кен ишканалары;
- алтынды кайра иштетүүчү ишканалар;
- алтынды тазалоо ишканалары;
- байытуучу фабрикалар.

## 16. "Куюучу, эритүүчү цехтер" тобуна берилүүчү электр энергиясына тарифтерди колдонуу

64. Киргизүүнүн түрүнө карабастан, куюучу, эритүүчү цехтерге электр энергиясын берүү белгиленген тарифтерге ылайык жүргүзүлөт.

65. Электр энергиясын керектөөчүлөрдү "Куюучу, эритүүчү цехтер" тобуна киргизүү берилген техникалык шарттардын негизинде электр менен жабдуучу уюм тарабынан ишке ашырылат.

66. Электр энергиясын керектөө үчүн "Куюучу, эритүүчү цехтер" тобунун керектөөчүлөрү үчүн тариф ОМТСтин 1-тиркемесинин 12-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө, 2,0 жогорулатылган коэффициентине түзөтүүлөрдү эске алуу менен кабыл алынат.

67. "Куюучу, эритүүчү цехтер" тобуна төмөнкүлөр кирет:

- металл куюучу продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар;
- металл эритүүчү продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар.

67-1. Эгерде электр энергиясын өзүнчө эсепке алуу приборлору бар болсо, жогорулатуу коэффициентин колдонуу куюучу жана эритүүчү өндүрүшкө кирбеген ишканалардын башка түзүмдүк өндүрүштүк бөлүмдөрүнө жайылтылбайт.

## 17. "Алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар" тобуна берилүүчү электр энергиясына тарифтерди колдонуу

68. Алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканаларга электр энергиясын берүү киргизүүнүн түрүнө карабастан, белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

69. Электр энергиясын керектөөчүлөрдү "Алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар" тобуна киргизүү берилген техникалык шарттардын негизинде электр менен жабдуучу уюм тарабынан ишке ашырылат.

70. "Алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар" тобунун керектөөчүлөрү үчүн айына электр энергиясын керектөөдө тариф менен ОМТСтин 1-тиркемесинин 13-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө, 2,0 жогорулатылган коэффициентке түзөтүүлөр эске алынат.

71. "Алкоголдук продукцияларды өндүрүү боюнча ишканалар" тобуна алкоголдук продукциялардын төмөнкүдөй түрлөрүн өндүрүү боюнча ишканалар кирет:

- арактар жана өзгөчө арактар;
- ликер-арак ичимдиктери;
- шарап материалдары;

- шараптар;
- көбүрмө шараптар, шампандар;
- шарап ичимдиктер;
- коньяк;
- бренди;
- кальвадос;
- сыра;
- башка күчтүү алкоголдук ичимдиктер;
- башка алкоголу аз ичимдиктер.

**18. "Цемент заводдору" тобуна берилүүчү электр энергиясына тарифтерди колдонуу**

72. Цемент заводдоруна электр энергиясын берүү киргизүүнүн түрүнө карабастан, белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

73. "Цемент заводдору" тобуна электр энергиясын керектөөчүлөрдү киргизүү берилген техникалык шарттардын негизинде электр менен жабдуучу уюм тарабынан ишке ашырылат.

74. "Цемент заводдору" тобунун керектөөчүлөрү үчүн тариф электр энергиясын айына керектөөдө ОМТСтин 1-тиркемесинин 14-пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө 1,3 жогорулатылган коэффициентке түзөтүүлөрдү эске алуу менен кабыл алынат.

75. "Цемент заводдору" тобуна цементти жана цемент продукцияларын өндүрүү боюнча ишканалар кирет.

**19. Электр энергиясын ири керектөөчүлөргө берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу**

76. Электр энергиясын ири керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.

77. Электр энергиясын ири керектөөчүлөр тарабынан керектелген электр энергиясы үчүн акы төлөө "Өнөр жай (өнөр жай жана аларга теңештирилген керектөөчүлөр)" тобунун керектөөчүлөрү үчүн белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

78. Электр энергиясын ири керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына жалпыланган тариф ишенимдүүлүктүн жогорку категориясындагы керектөөчүлөрдү кошпогондо, "Тиричиликтик эмес керектөөчүлөр (өнөр жай, айыл чарбасы жана башкалар)" тобу үчүн белгиленген тарифтен ашып кетпөөгө тийиш. Мында электр энергиясынын 1 кВт саат үчүн жалпыланган тариф "Кыргызстан улуттук электр тармагы"

ачык акционердик коомунун тармактарына кошулган учурда энергетикалык компания иштеп чыккан 1 кВт саат электр энергиясын сатып алуу тарифинен жана электр энергиясын берүү тарифинен түзүлүүгө тийиш.

79. Электр энергиясын ири керектөөчүлөргө генерациялоочу компаниянын бөлүштүрүүчү түзүлүштөрүнө же "Кыргызстан улуттук электр тармактары" ачык акционердик коомунун жогорку вольттуу берүү тармактарына түз кошулган жана электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн реестрине киргизилген жана генерациялоочу жана берүүчү компаниялар менен түз келишимдерди түзүүгө укугу бар керектөөчүлөр кирет.

80. Электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн реестри отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

## 20. Электр энергиясын керектөөчүлөргө-алып сатуучуларга берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу

81. Электр энергиясын керектөөчүлөр-алып сатуучулар өз менчигинде электр тармактары бар, электр менен жабдуучу уюмдардан жана (же) жабдып туруучулардан электр энергиясын жана кубаттуулукту өз керектөөсү жана жөндөлмө тариф боюнча сатуу үчүн сатып алган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштин тиешелүү түрүнө лицензиясы бар жеке же юридикалык жак.

82. Электр энергиясын керектөөчүлөр-алып сатуучулар үчүн электр энергиясына тарифтер отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган өлчөмдөрдө жана тартипте белгиленет.

83. Керектөөчүлөр-алып сатуучулар электр менен жабдуучу уюмдардан алынган электр энергиясын алардын тармактарына кошулган керектөөчүлөргө отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан акыркы керектөөчүлөрдүн тиешелүү топтору үчүн белгиленген тарифтер боюнча берет.

84. Керектөөчүлөрдүн-алып сатуучулардын реестри отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

## 21. Бөлүштүрүүчү ишканаларга берилген электр энергиясына тарифтерди колдонуу

85. Бөлүштүрүүчү ишканалар (электр энергиясын бөлүштүрүүчү ишканалар) болуп айтылган аймакта керектөөчүлөрдү электр энергиясы менен жабдыган кайсы гана болбосун мамлекеттик, жеке юридикалык же жеке жактар эсептелет.

Бөлүштүрүүчү ишканалар электр энергиясын иштеп чыгуу жана берүү менен иш жүргүзгөн электр энергетикалык ишканалардан электр энергиясын сатып алууну жүргүзөт жана аны алардын тармактарына кошулган ар түрдүү акыркы керектөөчүлөргө: ишканаларга,

мекемелерге, уюмдарга, калкка жана ушул сыяктууларга бөлүштүрүүнү жана сатууну ишке ашырат. Бөлүштүрүүчү ишканалар өз ишмердүүлүгүн отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан алган лицензиянын шарттарына ылайык ишке ашырат.

86. Бөлүштүрүүчү ишканалар менен берилген электр энергиясына эсептешүү отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тарифтер боюнча жүргүзүлөт.

87. Бөлүштүрүүчү ишканалар үчүн электр энергиясына тарифтер отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган өлчөмдөрдө жана тартипте белгиленет.

88. Бөлүштүрүүчү ишканалар электр энергетикалык ишканалардан алынган электр энергиясын отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан акыркы керектөөчүлөрдүн тиешелүү топтору үчүн белгиленген тарифтер боюнча өзүнүн керектөөчүлөрүнө берет.

89. Бөлүштүрүүчү ишканалардын реестри отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.